| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИ | МИНИСТЕРСТВО ВОДНЫХ РЕСУРСОВ, СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
| --- | --- |

**Б У Й Р У К**
**П Р И К А З**

________________ №________________

Бишкек ш.
г.Бишкек

# Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу

Жайыт жерлерин башкаруу чөйрөсүндөгү укуктук ченемдик базаны өркүндөтүү жана өнүктүрүү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомун аткаруу максатында, **буйрук кылам:**

1. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндө типтүү жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Министрликтин репутацияны башкаруу бөлүмү ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоонун булактары жөнүндө” токтомуна ылайык расмий жарыяланышын камсыз кылсын.
3. Министрликтин чечимдерин ишке ашыруу башкармалыгы:

– буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун эки нускадагы көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө, анын жарыяланган булагы жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

– ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде маалымат үчүн ушул буйруктун көчүрмөсүн

жарыяланган булагын көрсөтүү менен мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук турдө Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

4. Министрликке караштуу Асыл тукум мал чарба, жайыт жана тоют департаменти ушул буйруктан келип чыгуучу чараларды көрсүн.

5. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо мал чарба тармагын тейлеген министрдин орун басарына жүктөлсүн.

**Об утверждении Типового положения о порядке разработки плана по управлению и использованию пастбищ и ежегодного плана использования пастбищ**

В целях дальнейшего совершенствования и развития нормативной правовой базы в сфере управления пастбищами, во исполнение постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, **приказываю:**

1. Утвердить Типовое положение о порядке разработки плана по управлению и использованию пастбищ и ежегодного плана использования пастбищ согласно приложению.

2. Отделу управления репутацией Министерства в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа обеспечить его официальное опубликованию в соответствии постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 № 117.

3. Управлению реализации решений Министерства:

– в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителях с указанием информации об источнике его опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской республики;

– в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить в Администрацию Президента Кыргызской Республики на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования указанного приказа для информации.

4. Департаменту племенного животноводства, пастбищ и кормов при Министерстве принять меры вытекающие из настоящего приказа.

5. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра, курирующего сферу животноводства.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасынын орун басары – министр** **Б.Э. Торобаев**